а) эсептен чыгарылган мүлктү тескөө ыкмасы жөнүдө чечимди (жок кылуу, өткөрүп берүү, сатуу, бөлүктөргө ажыратуу ж.б.);

б)бул иш-аркеттерди ишке ашыруу боюнча аткаруучунун көрсөтмөлөрүн;

в) эгер жарамдуу түйүндөрү жана агрегаттары бар болсо, алардын колдонулушу жөнүндө чечим;

г)муниципалдык менчиктин негизги каражаттарынын реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө көрсөтмө.

Отурумдун протоколуна төмөнкү документтер тиркелет:

эсептен чыгарууга сунушталган мүлктүн каттоо актысы;

эсептен чыгарууга сунушталган мүлктүн техникалык абалынын актысы;

мүлктү эсептен чыгаруу актысы;

башка документтер (авария жөнүндө актынын көчүрмөсү, тиешелүү органдардын корутундусу ж.б.)

Негизги каражаттардын техникалык абалынын актысында мүлктүн даярдалган жылы, колдонууга киргизилген күнү, жүргүзүлгөн жакшыртуу жана кайра куруу иштеринин көлөмү, негизги бөлүктөрдүн, деталдардын жана түйүндөрдүн абалы көрсөтүлөт.

Негизги каражаттарды эсептен чыгаруу актысында аны эсептен чыгаруу себептери толугу менен көрсөтүлөт, негизги бөлүктөрдүн, деталдардын жана түйүндөрдүн, элементтердин абалы баяндалат жана экономикалык (техникалык) максатка ылайыктуулугу же бул мүлктү калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү жоктугу жөнүндө жыйынтык чыгарылат.

Негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча кормиссиянын отурумунун протоколуна, мүлктү каттоо актысына, негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жана техникалык абалынын актылыларына негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча комиссиянын бардык мүчөлөрү кол коет жана ушул комиссиянын төрагасы тарабынан бекитилет. Эгер комиссиянын чечимине макул болбосо, анын мүчүлөрү өзгөчө оюн кат түрүндө баяндоого укугу бар, ал протоколго тиркелет.

2.16.Негизги каражаттарды, мүлктү каттоо актысын, техникалык абалынын актысы, эсептешүү көрсөткүчү 100гө чейинки баадагы (автоунаа каражаттарынан тышкары) негизги каражаттарды эсептен чыгаруу актысы боюнча эсептен чыгаруу комиссиясынын отурумунун протоколу таризделгенден кийин, документтер Нурманбет айыл өкмөтүнө негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө буюрма чыгаруу үчүн берилет.

Эсептешүү көрсөткүчү 100дөн жогорку баадагы негизги каражаттарды эсептен чыгаруу учурунда, Нурманбет айылдык кеңешинин макулдугун алдын ала алуу менен, документтер Нурманбет айыл өкмөтүнүн негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө буюрма чыгаруу үчүн берилет.

2.17.Эсептен чыгарылган негизги каражаттарды ажыратуудан түшкөн экинчи сырье, ал кайра пайдаланууга жарамдуу болгон учурда, уюм тарабынан кирешеленет жана бул жөнүндө финансылык документ түзүлөт.

2.18.Эсептен чынарылган негизги каражаттардан алынган жана кайталап пайдаланууга жарабаган экинчи чийки заттарды сатуудан түшкөн акча каражаттар мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте Нурманбет айыл өкмөтүнүн бюджетине түшөт.

2.19.Муниципалдык ишкана же мекеме тарабынан эсептен чыгарылган негизги каражаттарга иш-чараларды өткөргөндөн кийин негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча комиссиянын чечимине ылайык, тиешелүү мекеме 10 күндүк мөөнөттүн ичинде